**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1589/1 2018 жылдын «25» декабрь

**2018-2019 - окуу жылында I жарым жылдыктын окуу сабактарын аяктоо, кышкы эс алуу мезгилинде иш-чараларды уюштуруу жана III чейректеги сабактардын башталышы тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 9-июлундагы № 907/1-буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын Базистик окуу планына берилген Түшүндүрмө катына ылайык, кышкы эс алуу мезгилинде республиканын мектептеринин ишин уюшкандыкта өткөрүүнү камсыздоо максатында **буйрук кылам:**

1. Бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы орто билим берүү уюмдарынын окуучулары үчүн:

1.1. Кышкы эс алуу мезгили (каникулу) 2018-жылдын 31-декабрынан тартып 2019-жылдын 11-январына чейин белгиленсин;

1.2. III чейректеги сабактардын башталыш күнү 2019-жылдын 14-январы аныкталсын;

1.3. Билим берүү уюмдарынын (гимназиялык жана лицейлик багыттарды ишке ашыруучу мектеп-гимназиялардын, мектеп-лицейлердин) окуучулары үчүн 2019-жылдын 12-январында өтүлүүчү сабактар жана класстан тышкаркы иш чаралар 2019-жылдын январь айынан март айына чейинки мезгилде кошумча сабактардын эсебинен окуучуларга белгиленген жумалык максималдуу окуу жүктөмдүн чегинен ашпай өткөрүлсүн.

2. Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары, бардык типтеги жана менчик түрүндөгү билим берүү уюмдарынын мүдүрлөрү тарабынан:

2.1. Бул буйруктун 1-тарамы милдеттүү түрдө аткарылсын;

2.2. Мектептин кышкы эс алуу (каникул) мезгилиндеги иш планы бекитилсин жана ал тууралуу билим берүү жараянынын бардык катышуучуларына маалымат берилсин;

2.3. Мектеп окуучуларынын, мугалимдердин жана ата-энелер коомчулугунун арасында жаңы жылды тосууга арналган мектептен тышкаркы иштерди өткөрүүдө коопсуздук техникасын сактоо, ошондой эле кышкы эс алуу мезгилинде өрт коопсуздугун камсыз кылуу жана окуучулардын жүрүм-турум эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;